**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасына «Жалалабатэлектро» ачык акционердик коомунун кызыкчылыктарын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2020-жылдын 8-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасына «Жалалабатэлектро» ачык акционердик коомунун (андан ары - «Жалалабатэлектро» ААК) кызыкчылыктарын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана «Жалалабатэлектро» ААКтын кызыкчылыктарын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2019-жылдын 22-октябрында «Жалалабатэлектро» ААКтын кызыкчылыктарын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасын жана 271-беренесинин 7-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

С.М. Манукяндын өтүнүчүнөн жана ага тиркелген документтерине ылайык, 2011-жылдын 1-майынан тартып 2016-жылдын 31-мартына чейинки мезгил аралыгы үчүн салык төлөмдөрүнүн бюджетке туура эсептелгенинин, толук жана туура төгүлгөнүнүн маселеси боюнча «Жалалабатэлектро» ААКтын ишмердиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан 2017-жылдын август айында текшерилген. Бул текшерүүнүн натыйжасында «Жалалабатэлектро» ААКтын ишмердигинин көрсөтүлгөн мезгили үчүн бошотулган беримдерин жүзөгө ашырууда эсептелүүгө жаткан кошумча нарктын салыгынын (андан ары - КНС) суммасы жогорулатылган болуучу. Салык кызматынын көчмө текшерүүсүнүн актында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 270-беренесинин 1-бөлүгүнө, 272-беренесинин 2-бөлүгүнө, 266-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, туура эмес эсептелүүгө кабыл алынган КНС азайтылууга тийиш жана көрсөтүлгөн Кодекстин 209-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык кириштетүүгө жатпай турган КНС суммасы жылдык жыйынды кирешеден чыгарылуучу эсепке киргизилүүгө тийиш.

Кайрылуунун субъекти КНСтин эсептелишин, аны төлөө жана ордун толтуруу боюнча өзүнүн эсептөөлөрүн жасап, аталган Кодекстин 209-беренесинин мааниси боюнча салык кызматынын КНСтин бөлүштүрүлбөгөн бөлүгү жылдык жыйынды кирешесинин эсебинен чыгарылууга жатат жана ал Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык деген тыянакка келди. С.М. Манукяндын пикири боюнча 2012-2015-жылдар үчүн КНСтин эсептелишин жана төлөөнү ушинтип укуктук жактан жөнгө салууда «Жалалабат» ААКтын 35 498 170 (отуз беш миллион төрт жүз токсон сегиз миң бир жүз жетимиш) сом суммасындагы акчалай каражаттары мамлекетке мыйзамсыз өтүп кеткен.

Арызденуучу өзүнүн кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 20-беренесине ылайык КНС кыйыр салыктын түрлөрүнө кирет, бирок кыйыр салыктарды аныктоодо төлөөчү көрсөтүлгөн эмес жана салыктардын бул түрү салык төлөөчүнүн кирешелери же мүлкү менен түздөн-түз байланышкан эмес. Мында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 229-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык субъект, эгерде катары менен кийинки 12 календардык айдын ичинде наркы каттоо босогосунан ашкан товарларды берүүнү, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырса, ал КНС төлөөчү болуп калат.

С.М. Манукян салык төлөө чөйрөсүндөгү окуу-теориялык куралдарга шилтеме жасап, товардык-материалдык баалуулуктардын өндүрүүчүсү жана сатуучусу салык төлөөчүлөр эмес, тактап айтканда алар кардарлардан алынуучу кыйыр салыкты кармап калуу жана мамлекетке өткөрүп берүү боюнча өкүлү (агенти) болгондон кийин, көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан КНСти төлөөгө алдын ала орунсуз жана кайтарылгыс чыгымдарга дуушар болууда. Эгер субъект өзүнүн муктаждыктары үчүн алынуучу беримди сатып алып жатса, анда ал алынуучу беримдин кардары болуп ушул бөлүктө гана өзүнүн каражаттарынан кыйыр салыктарды төлөйт.

Ошентип, арызденуучу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасынын

диспозициясын ишкерлер үчүн жаңылыш жана зыян болуп саналат, анткени КНСтин бөлүштүрүлбөгөн суммасына киреше азаюуда, ал эми анын ишмердиги кирешелүү болбой, кудуретсиздикке алып келиши мүмкүн. Мамлекет фискалдык органдар аркылуу бөлүштүрүлбөгөн КНС түрүндө финансы каражаттарын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине (22 жана 24-беренелери) ылайык акчаны дагы кайтарып бербестик жолу менен, өз менчигине мыйзамсыз айлантып келет.

Кайрылуунун субъекти Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүндө жеке менчиктин кол тийбестигинин, мүлктү өз билемдик менен ажыратып алуунун мүмкүн эместигинин жана мүлктү соттун чечими менен гана алуу мүмкүндүгүнүн маселелери регламенттелгенин белгилеген. Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында соттун чечимисиз мажбурлоо менен мүлктү алып коюуга мыйзамда каралган учурларда жол берилет. Мындай алып коюунун мыйзамдуулугу сот тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш. Ушуга байланыштуу, С.М. Манукян Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасы жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык кепилдиктерге карама-каршы келет деп эсептейт.

Андан тышкары, арызданууучу бул ченем Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 271-беренесинин 7-бөлүгүнө да карама-каршыкелет деп көрсөткөн, анткени ал дагы менчик ээсинин эркине каршы финансы каражаттарынын түрүндөгү менчик кылып коюуга көмөк кылат. Бул мамлекет тарабынан КНС суммасы алынгандан кийин КНСтин бөлүштүрүлбөгөн бөлүгүн материалдык ресурстардын эсептик наркына салуу ушул суммага анын өздүк наркын, демек, салынуучу беримдин жалпы наркын көбөйтүүгө байланышкан. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 265-беренесинин 1-бөлүгүндө, эгерде ушул Кодексте башкача каралбаса, бардык субъектилер ушундай беримдерге

карата КНСти жана сатуудан алынуучу салыктын жалпы суммасын чыгарып салгандан тышкары төлөөчү же төлөөгө тийиш болгон жалпы сумма беримдин салык салынуучу наркы болот. Демек, КНСтин бөлүштүрүлбөгөн көбөйтүлгөн суммасына салынуучу беримдин жалпы наркы да көбөйөт, ага ылайык кош салык салынып калат. Башкача айтканда, мамлекет бөлүштүрүлбөгөн КНС түрүндө пайыз алгандан кийин, ушул эле суммадан акыркы кардардан белгилүү акча каражатын кайталап алат, аны менен пайыздан пайыз алып, кош салык салат.

Ушуга байланыштуу, кайрылуунун субъекти Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 271-беренесинин 7-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп болжойт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арызданууучу талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Жалалабатэлектро» ААКтын кызыкчылыктарын көздөгөн С.М. Манукяндын өтүнүчүн карап чыгып, арызданууучунун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын алдына койгон маселелердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсүндө күмөндүүлүк жок деген тыянакка келген жана 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы көрсөтүлгөн аныктамада ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясынын күчүнө ылайык, алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүк туудурган укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо алардын конституциялуулугу тууралуу маселенин коюлушу мүмкүн деп белгилеген («Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пункту). Арызданууучунун

жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдаш байланышта туруп, талашылып жаткан укук ченемдеринин регулятивдик таасиринин конституциялуулугунда даана күмөндүүлүктү көрсөтүп туруусу керек. Бирок келтирилген кайрылууда талашылып жаткан ченемдер жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболору ортосундагы тутумдаш байланыш укук колдонуучулук тажрыйбанын жүйөлөрү менен бекемделген жана иштин нагыз жагдайларын изилдөөнү талап кылат, демек алардын чечимдери салык органдарынын жана жалпы юрисдикция сотторунун компетенциясына таандык.

«Жалалабатэлектро» ААКтын кызыкчылыгын көздөгөн С.М. Манукян судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасы менен макул болбостон, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Кайрылуунун субъекти өзүнүн даттануусунда ал көздөгөн юридикалык жактын 2015-жыл ичиндеги кирешесинин белгилүү бир суммасы мыйзам чыгаруучулук катанын негизинде мамлекетке өтүп кеткен деген сөз менен маселеге көңүлдү буруп, ал жасаган эсептөөлөр бөлүгүн аргументтер менен гана толуктап, биринчи кайрылууда баяндалган жүйөлөрдү кайталап келтирүүдө.

Маселен, арызданууучу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинн 2-бөлүгүнө ылайык келүү маселеси «Жалалабатэлектро» ААКтын ишмердигин көчмө текшерүүнүн жүрүшүндө түзүлгөн салык кызматынын көрсөтмө катынын натыйжасында пайда болгон деп көрсөтүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, С.М. Манукяндын жүйөлөрү жасалган эсептөөлөргө, жасалган эсептөөлөрдүн тактыгы «Жалалабатэлектро» ААКтын 2015-жыл үчүн белгилүү бир суммасынын мамлекетке өтүшүн мыйзам чыгаруучулук ката деп таануу үчүн негиз болуу керек, жана бул өз

кезегинде талашылып жаткан ченемди конституциялуу эмес деп таанууга алып келүүсү керек дегенге барып такалууда.

Кайрылуунун субъекти өзүнүн даттануусунда кыйыр салыктардын аныктамасын чечмелеген салык салуу чөйрөсүндөгү окуу-теориялык куралдарды кайталап көрсөтүүдө жана аларды кириштетүүгө жатпай турган сатып алынган материалдык ресурстар үчүн КНС бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 271-беренесинин 2 жана 7-бөлүктөрү менен байланыштырууда. Ал талашылып жаткан ченемдер менен мамлекетишкерди бурчка такап, аны көмүскө экономикага кетишине мажбур кылат; мамлекет фискалдык органдар аркылуу ишкердин бөлүштүрүлбөгөн КНС түрүндөгү финансы каражаттарын кайтарып бербөө жолу менен, аны мыйзамсыз ажыратып алууда деп белгилейт. Анын пикири боюнча талашылып жаткан ченемдин диспозициясы жаңылыш жана ишкер үчүн зыяндуу, анткени кириштетүүгө жатпай турган бөлүштүрүлбөгөн КНСти эсептен чыгарууга алып келүүнүн натыйжасында ишкердин кирешеси азаюуда, ал эми айрым учурларда анын ишмердиги рентабелдүү жана кирешелүү болбой, аны кудуретсиздикке алып келүүдө.

С.М. Манукян өтүнүчүндө жана даттануусунда укук колдонуучулук тажрыйба жөнүндө сөз жок, ал жерде Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ишкердин жана коомдун кызыкчылыктарына карама-каршы келген мыйзамды кабыл алуу жөнүндө сөз болуп жатканын, ошондой эле ишкерлер негизделбеген финансылык таасир этүүгө дуушар болууга алып келген укук жаратуучу ката бар экендигин көрсөтүүдө.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арызданууучу судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасын, 271-беренесинин 7-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу бөлүгүндө өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууачунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

С.М.Манукяндын Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 209-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун «б» пунктчасын, 271-беренесинин 7-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келбегендиги жөнүндө даттануудагы жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдер менен шилтеме кылган ал конституциялык орнотмолор менен логикалык-укуктук өз ара байланышы бар жүйөлүү негиздемелери жок. Алсак, арызданууачу судьялар коллегиясынын аныктамасына даттанып, судьялар коллегиясынын жүйөлөрү менен шартталган жана аны жокко чыгарууга аргументтерди келтирген эмес. Өзүнүн көз карашын негиздеп берүүдө кайрылуусунда баяндаган жүйөлөрдү, талашылып жаткан ченемдердин колдонулушуна байланыштуу жагдайларды кайталап баяндайт.

Ошентип, келтирилген кайрылуунун мазмуну «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына туура келбейт деген судьялар коллегиясынын тыянактары негиздүү болуп саналат. Арызданууачунун кайрылууда келтирген жүйөлөрү укук колдонуучулук тажрыйба чөйрөсүнө таандык жана талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде күмөндүүлүк туудуруп, ал койгон маселе боюнча укуктук аргумент катары каралышы мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн,

46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. «Жалалабатэлектро» ачык акционердик коомунун кызыкчылыгын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 28-ноябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандырылбай калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**